| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз
жыйырма үчүнчү сессиясы

**ТОКТОМ**

**Мундуз айылы** **№ 23-2** **6-июль 2026-жыл**

**Муниципалдык мал базар курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" Жобого ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 3-июлундагы чыгыш № 01-28/1325 сандуу катынын, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 6-июлундагы № 14 протоколунун негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Б.Абдурашидовдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Кызыл-Сеңир айылынын МХО участкасындагы муниципалдык менчиктеги идентификациялык 3-05-07-0033-1310 коду менен катталган 118400,0 м2 жер аянтына муниципалдык мал базар курууга макулдук берилсин.
3. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Б.Абдурашидовго Кызыл-Туу айыл аймагынын МХО участкасына ветеринардык-санитардык талаптарга жооп бере турган муниципалдык мал базар курууга 94 880 000 (Токсон төрт миллион сегиз жүз сексен миң) сом өлчөмүндө бюджеттик кредит алууга макулдук берилсин.
4. Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредитти алууну камсыздоого идентификациялык 3-05-07-0033-1310 коду менен катталган Кызыл-Сеңир айылынын МХО участкасындагы 118400,0 м2 муниципалдык менчиктеги жер аянтын күрөөгө коюуга макулдук берилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
7. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**